**«РСК Банктын» кардарлары – Бишкек ш. менен Ош ш. башка «ЭЛКАРТ» карталарынын ээлери үчүн «ЭЛКАРТ менен БЕЛЕК ал» Акциясын өткөрүү ЭРЕЖЕЛЕРИ**

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Өткөрүлүүчү Акция түрткү берүүчү лотерея болуп саналбайт.

1.2. Жеңүүчүнү аныктоодо кокустук принциби (жеңүүчүнү эркин тандоону ишке ашыруучу алгоритмди колдонуу) жокко чыккан.

1.3. Акциянын уюштуруучулары «РСК Банк» ААКу жана «МПЦ» ЖАКу болуп саналат.

**2. Программанын максаты:**

2.1. Аймактарда кардарларды «РСК Банк» ААКу эмиссиялаган «ЭЛКАРТ» төлөм карталары менен накталай эмес операцияларды жасоого тартуу жана түрткү берүү. Аймактарда «ЭЛКАРТ» төлөм карталары менен накталай операцияларды жасоо көлөмүн көбөйтүү.

**3. Акцияны өткөрүүнүн мөөнөтү**

3.1. Акция **2020-жылдын 1-сентябрынан 2021-жылдын 28-февралына чейинки** мезгилде өткөрүлөт да, төмөнкүчө бөлүнөт**:**

> Арадагы этаптар:

**01.09.2020 баштап 31.10.2020 чейин**

**01.11.2020 баштап 31.12.2020 чейин**

**01.01.2021 баштап 28.02.2021** чейин

> Негизги этап:

**01.09.2020 баштап 28.02.2021 чейин**

**4. Акциянын катышуучулары**

4.1. 18 жаш куракка жеткен физикалык жактар – «РСК Банк» ААКнун Бишкек ш. менен Ош ш. башка, Чүй, Нарын, Талас, Ысык-Көл, Жалал-Абад, Ош жана Баткен облустарынын аймактарынан орун алган бөлүмдөрүндө ачылган «ЭЛКАРТ» картасынын ээлери.

**5. Акцияга катышуунун тартиби**

5.1. Акцияга катышуу үчүн картанын Ээси акция учурунда «РСК Банк» ААКу эмиссиялаган «ЭЛКАРТ» карталары менен сатып алууларга накталай эмес акы төлөөнү жүзөгө ашырууга тийиш.

5.2. Төмөнкү операциялар Акцияга катышуу үчүн эсепке алынбайт: ЭЛКАРТ картасынын эсебинен акча каражаттарын чыгарып алуу/салуу;

- Банктын кассасы менен өзүн-өзү тейлөө түзүлүштөрүндө жана Мобилдик банкингде коммуналдык жана башка төлөмдөрдү төлөө
- төмөнкү өңдүү биле туруп бөлчөктөлгөн суммалар: бир СТИда (соода-тейлөө ишканасында), бир эле соода чекитинде бир эле товар же кызмат көрсөтүү ж.б.у.с. үчүн 30 мүнөттүн ичинде катары менен бир нече (1ден ашуун) транзакциялар негизги боюнча кошумча карталар менен жүргүзүлгөн төлөмдөргө карабай 1 транзакция катары эсепке алынат.

**6. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун шарттары:**

**6.1. Арадагы этаптар:**

- транзакциялардын максималдуу саны боюнча, мезгил ичинде бир карта боюнча жүргүзүлгөн 10дон кем эмес транзакциялар, мында транзакциянын суммасы 100 сомдон көп болууга тийиш. Арадагы этаптар боюнча ар бир облустан 1 жеңүүчү аныкталат.

**6.2. Негизги этап:**

- транзакциялардын максималдуу саны боюнча, мезгил ичинде бир карта боюнча жүргүзүлгөн 50дөн кем эмес транзакциялар, мында транзакциянын суммасы 100 сомдон көп болууга тийиш. Бул этап боюнча бүткүл Кыргызстандан 1 жеңүүчү аныкталат.

**7. «МПЦ» ЖАКнун каражаттарынын эсебинен Акциянын байге бюджети:**

| **Этаптары** | **Байгелери** | **Саны** |
|---|---|---|
| 1-этап | Велосипед | 7 |
| 2-этап | Велосипед | 7 |
| 3-этап | Велосипед | 7 |
| Негизги этап | Экобайк | 1 |
| **Жыйынтыгы** | | **22** |

**8. Байгелерди тапшыруу:**

**8.1**. Жыйынтыктарды чыгаруу жана байгелерди тапшыруу ар бир этаптын бүтүүшү менен 2021-жылдын 30-апрелине чейин жүзөгө ашырылат.

**10. Кошумча шарттары:**

10.1. Банктын кызматкерлери жана алардын жакын туугандары Акцияга катыша алышпайт.

10.2. Акцияга катышуу жана анын шарттарына макул болуу, катышуучунун ушул эрежелердин 4, 5, бөлүмдөрүн аткаруусу менен тастыкталат.

10.3. Бир эле кардар бир гана арадагы этаптын байге ээси болуп кала алат, бирок ал Акциянын Негизги этабында жеңишке талаптана алат.

10.4. Байгелерди алуу менен байланышкан унаа жана башка чыгымдарды жеңүүчүлөр өз алдынча көтөрүшөт.

**11. Жеңүүчүлөрдү аныктоонун натыйжалары:**

11.1. Жеңүүчүлөрдү аныктоо үчүн комиссия түзүлөт, анын мүчөлөрүнүн курамы Банктын Башкармалыгынын Токтому менен бекитилет.

11.2. Акциянын жеңүүчүлөрүнүн курамы Комиссиянын отурумунун протоколу менен тастыкталат жана Банктын Башкармалыгынын Токтому менен бекитилет.

11.3. Башкармалык төмөнкү чечимдердин бирин бир тараптуу кабыл ала алат:

> Акциянын шарттарына толуктоолорду же болбосо өзгөртүүлөрдү киргизүү;

11.4. Жалпы Банк боюнча, же конкреттүү материалдар боюнча кандайдыр бир жагдайлардан улам Акциянын иш-аракетин белгилүү бир мөөнөткө токтото туруу же токтотуу.

11.5. Акциянын жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат Банктын www.rsk.kg, www.elcart.kg веб-сайтында, ошондой эле социалдык тармактардагы расмий аккаунттарында жайгаштырылат.

11.6. Банк жеңүүчүлөргө Акциянын натыйжалары жана сыйлоо салтанатынын күнү жөнүндө түздөн-түз телефон аркылуу, жеңүүчү аныкталган күндөн баштап 10 күн ичинде билдирет.

11.7. Байланыш маалыматтарын берүү жана берилген маалыматтардын ишеничтүүлүгү үчүн Акциянын катышуучусу жоопкерчилик тартат.

11.8. Банк жеңүүчүгө өз убагында кабарлабай коюуга алып келүүчү туура эмес көрсөтүлгөн реквизиттер, уюлдук жана стационардык байланыш операторлору тармагындагы ар кандай бузуктар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

11.9. Катышуучуга Акциядагы жеңиши тууралуу Жеңүүчүнүн өзүнүн күнөөсүнөн улам билдирүү мүмкүн болбогон учурда (караңыз; 13.7-п.), ошондой эле жеңүүчүгө Акциянын натыйжалары жөнүндө билдирүү жөнөтүлгөн жана Банктын сайтына жайгаштырылган күндөн баштап 30 календардлык күн ичинде жеңүүчү келбеген учурда, бул Акциянын жеңүүчүсү деп Акциянын кийинки катышуучусу табылат.

11.10. Акциянын шарттарына өзгөртүүлөр же толуктоолор киргизилген, же болбосо Акциянын иш-аракетин токтото туруу чечими кабыл алынган учурда, Акциянын катышуучуларына бул жөнүндө Банктын www.rsk.kg корпорацялык сайтында кулактандыруу жайгаштыруу жолу менен билдирилет.

**12. Байгелерди алуунун шарттары:**

12.1. Байгелер Банктын бөлүмдөрүндөгү тапшыруу салтанаттарында тапшырылат.

12.2. Акциянын натыйжалары жөнүндө Банктын Башкармалыгынын кабыл алынган чечими, бардык катышуучулар үчүн биротоло аягына чыккан болуп саналат да, даттанууга жатпайт.

12.3. Ушул Эрежелер, жана аларга өзгөртүүлөр, аларды Банктын Башкармалыгынын Токтому менен бекиткен учурдан баштап күчүнө киришет.

12.4. Ушул Эрежелер, ошондой эле аларга өзгөртүүлөр Банктын www.rsk.kg сайтында жайгаштырылат.